Эркалы Өскөналы

# Куйручук баланын жоруктары

*Тандалма аңгемелер*



**Эркалы Өскөналы**

# Куйручук баланын жоруктары

*Тандалма аңгемелер*

«Оптима техноложис»
Бишкек 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ө - 97

**Бул эмгек «Кыргыз китеп» мамлекеттик ишканасынын каржылык колдоосу менен жарык көрдү.**

**Эркалы Өскөналы.**
Ө – 97 Куйручук баланын жоруктары. *Аңгемелер.* – Б.: «Оптима техноложис», – 2015. - 32 б.

ISBN 978-9967-33-046-7

Китеп мектеп жашындагы балдарга арналат.

Э.Өскөналы. “Кудай сүйгөн Куйручук” аттуу китептен (2011-ж. “Бийиктик” басмасы) кыскартылып жана оңдолуп, басылды.

Ө 4702300100-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-33-046-7

©Эркалы Өскөналы, 2015.

# Айтыңар маарек болсун!

Куйручук бала энесинин этегине эрмешип, жакасына жармашкан чагында итий илдети менен сыркоолоду. Дарты өтүшүп кетти. Бечара бала улам алсырады. Эки буту жерге таканчыктаганга жарабай, басалбай калды. Апасы айылчылап же бир жакка жумуштап кеткенде, уулун атайы жасаттырган чоң бешикке бөлөп кетчү экен. Ошентип, Куйручук бала үй кайтарат.

Айт күнү эле. Алты жаштагы бараандуу бала бешикте таңылуу жатат. Апасы айттап жүрөт. Жоон топ кыз-келиндер шарактап, үйгө киришти.

- Айтыңар маараке болсун!

- О, ботом! Үйдө жан киши жок го?

Куйручук бала бешиктен башын чыгарып, үн салды:

- Ой, силердин да айтыңар маараке болсун! Эжекелер, төргө өткүлө! Ашканада айран, сарымай, курут бар!..

Шарактап, шаңкылдаган кыз-келиндер бир саамга аңкая калышты. Анан, үйдөн чуркурап, качып чыгышты.

Ой тобо! Шумдугуң кур! Бешикте жаткан ымыркай бала ачып көздү, жумгуча чоң кишиге айланып, оозу орок оруп, тили буудай кууруп жатпайбы, капырай! Же көздөрүнө көрүмчү көрүндүбү?.. Жин-шайтанбы же?.. Жаңкы кыз-келиндер коркушту. Коркушат да... Айт күнү эле.

## Жоголгон чучук

Жайкын жайлоонун жаркыраган күндөрүнүн биринде, суу жээктеги боз үйгө үч атчан кайрылды. Куйручук бала бечел атыгып, дале бешикте жатат.

Жолоочулардын алдына тасмал жайылды. Жаңы бышкан ысык калама тасмалга коюлуп, жыгач аяктарга жылуу жуурат куюлду. Ашканада өгүнү учуп өлгөн жээрде тайдын бышылуу чучугу бар эле. Бирок, Апа жалгыз бычакты издеп, таппай калды. “Урумкан сурап кетпеди беле...”. Ал ушинтип күбүрөп, коңшу үйгө жөнөдү. Эмнегедир, Апа буйдалып калды. Кечикти.

Үч жолоочунун чыдамы кетти. Алардын улуураагы жанындагы жолдошуна күңк-мыңк этти:

- Ашканада эмнеси бар экен? Апкелчи, жей берели!

Кичүү жолоочу ашканага баш бакты. Жаңкы тайдын чучугун апкелди. Макисин чөнтөгүнөн сууруп, жаңыдан кесмек болгондо, эшиктен дабыш угулду. Уурунун көчүгү кууш. Жолоочу шашты. Чучукту жеңине катты.

Куйручук баланын апасы ашканага кирип, чучукту таппай калды. Таңгала түштү. Эми, бешикте жаткан бала сүйлөдү:

- Апа, жанагы жоголгон чучукту табалбай жатасыңбы?.. Чучук берегi төө чепкенчен кишинин жеңине сойлоп, кирип кетти!

Жолоочулар бешикти жалт карашып, селт этишти. Ооба, бешикте жаткан бала ушинтип сүйлөдү. Үчөө кызарып-татарып, жер тиктешти. Чучук тасмалга коюлду. Жолоочулар уят болушуп, алкымдарынан аш өтпөдү. Өлбөгөн төрт шыйрактары эле, калды окшойт...

# Алгачкы ыр

Куйручук бала алтыдан өттү, жети жашты этектеди. Эки буту дале баскан жок. Ал өйдө болалбай, өксүдү. Ойной албай, очорулду. Атасы Өмүрзак айла-амал издеди. “Бу иттин буту бассын!” – деген үмүттү эш тутту. Абалтадан уланып келген ата-бабалардын ырым-жырымын колдонду. Айыл көкүрөгүндөгү кашатка баланы алпарып таштады.

Аттын жалы менен тең ойногон жигиттер Алымбайдын жылкыларын жапсарга жапырып, үркүтүп, дүрбөтүп айдашты. Жер дүпүрөдү. Куйручук бала тебелеп кетүүчүдөй жөөлөшкөн жылкылардан коркуп, өйдө сербейип тура калды. Аркан бою жерге тамтаңдап жүгүрдү. Жер кучактап жыгылды.

Баланын эртеги ырасымга ылайык ырымдап, аласташты. Ушундан үч күнү өтпөй, Куйручук бала таякка сүйөнүп, бут шилтегенге көнүктү. Боз үйдүн керегесин кармап, төрдөн босогого, босогодон төргө чейин калтылдап, баса баштады. Үч айдан соң, таякты таштап, өз бетинче басканга жарады.

Бул жагымдуу окуяны дээринде “чокур чымыны дыңылдаган” бала жамактап, ыр чүргөдү:

Абайлап уккун жаш-кары,
Алты жыл бутум баспады.
“Атаңдын гөрү бечел!” деп,
Атакем бир күн коктуга
Алпарып мени таштады.
Алымбайдын жылкысы.
Айгырлары алышып,
Кунан-тайы жарашып,
Жампайып жаткан шордууну

Жалпайтып кете таштады.
Ошондо чыкты туугандар,
Мынабу, эки буттун таскагы!

Куйручук баланын алгачкы тамашалуу ыры уккандарды күлдүрдү. Дайыма абышка-кемпирлер ырчы баланы эрмектешет. “Баягы ырыңды ырдап берчи?” дешет. Куйручук бала жазганбай, дароо ырдап берет.

## Эчкирип көзүм жаштадым

Жарык дүйнөдө балага энеден кымбат киши жок. Куйручук бала жети жашка толгондо, апасынын көзү сүзүлдү, жаны көккө учту. Куу тумшук баланын көз жашы төгүлдү. Кайгы-муңу көз жашына жуурулуп, үшкүрүгүнө өрүлдү.

Кайгырып, көзүм жаштадым,
Кайсактап издеп, таппадым.
Кагылайын, апаке ай,
Каргадай жалгыз уулуңду
Какшатып, кимге таштадың?

Эчкирип, көзүм жаштадым,
Элеңдеп издеп, таппадым.
Эмине кылам, апаке ай,
Эликтей жалгыз уулуңду,
Эми, кимге таштадың?

Үшкүрүп, көзүм жаштадым,
Үч убак ыйлап, какшадым.
Үңкүйүп барсам мүрзөңө,
Үч ооз сөз дагы айтпадың.
Бир ташы кем дүнүйө,
Үйүңдү кимге таштадың?

Жетим баланын муңдуу ырын тыңшаган улуу-кичүү кишилер да ыйлашты. Ооба, бу жарык дүйнөдө энени жоктоодон өткөн кейиш жок.

## Куудул бала

Жай толукшуп, теребел гүл жыттанат. Куйручук бала бир чака балык көтөрүп, жашыл дөбөдө кобурашып олтурган абышкалардын алдына келди:

- Аталар! Мобу, Жараткан Эгемдин жазыксыз жаныбарларын сиздерге буйруган экен. Майга куурутуп, ооз тийип койгула!

Куйручук баланын чоң кишидей сүйлөгөнүнө абышкалар таңгалышып, баш чайкап, жылмайышты.

- Ой, жетимче! Бул балыктарды кантип кармадың? – Каратай карыя балага суроо узатты.

- Чоң кара сууну кулактарга буруп салдым. Анан, Тартагай менен Балчагайдын жардамы аркылуу кармадым.

Абышкалар дуу күлүштү:

- Атаны, түгөт ай! Ал Тартагайың менен Балчагайың ким?

Бала эми, өзүңөр окшоштуруп, таап алгыла дегендей, айылдагы бир кишини туурап кирди:

- Эй, Айымкан! Уйларды саадың беле? Сүттү бышырдыңбы? Кокуй! Коонбай менен Торутай келатат! Кымыз бербе! Кымыз аз эле...

Куйручук бала Ташмат сараңды туурады. Чыйылдаган үнү, сөзү, куду өзү. Абышкалар ыкшып күлүштү. Балчагай ким экенин таасын билишти.

- А Тартагайың ким? – деди Арманбек абышка күлүмсүрөп.

Куудул бала эми, бала ырчыга айланды. Баягүнү жапсарга жатып алып, өзү ойлонуп-толгонуп, чүргөгөн жамагын айтып кирди:

- Өсүмдүк жок турбайбы,
Буудай менен арпадай.
Жалкоо киши жарыбайт,
Жата берсе чалкалай.
Эртели-кеч тартаңдап,
Эгин эгет чарчабай.
Жарма, нанга тоёбуз,
Жакшы иште, Тартагай!

- Өзүнүн атасы Өмүрзак турбайбы! – дешип, абышкалар дагы каткырып, күлүштү. – Ой, оңбогур, бала ай!

– Өгүнү кызыл күүгүм ченде, Курманалынын түндүгүнөн түтүн бурулдап атыптыр... – деп, Куйручук бала тамашасын улады. – Эт жегени атышат дедим да үйгө шып этип кирип бардым. Этти казандан жаңы эле чыгарып жатышыптыр... Курманалы акем мени жаман көзү менен тиктеп, мага бир шыйрак, бир кесим жөргөм, бир чыны шорпо бергенге араң жарады. Улак союшкан экен. Ошондо чыгарган ырымды айтып берейин...

Куйручук сыңар тизелеп отура калды:

- Курманалы куу кулак,
Түндө сойду бир улак.
Аңдып барып мен чунак,
Араң жедим бир шыйрак.
Улагынын эти жок,
Кашык шорпо кызганган,
Катынынын бети жок!

Куудул бала жанындагы куурайды сындыра калып, комузга окшотуп, чертип жиберди: Чиңгилдиң, чиңгилдиң, чиңгилдиң!..

Абышкалардын боору эзилди. Алар көздөрүнөн жаш чыккыча, ыкшып күлүштү.

# Чоң ак кой болуп маарады

Куйручук бала он эки жашында атасынан да айрылды. Бечара бала томолой жетим калды.

Ал Сарымсак байдын козу-улактарын кайтарчу эле. Түшкү ысыкта козу-улактарды имерип, короого айдап келди. Байдын үйүнө конок келген окшойт, түндүктөн түтүн созулат. Жаңы бышкан боорсоктун жыты алда кайдан жыттанып атат.

Куйручук бала үйгө кирди. Төрдө үч чоочун киши отурат. Жаагы чулчуйган, кызыл бет эркек, улгайыңкы аял жана жаш келинчек байдын коноктору экен. Бала чоочун кишиге салам айтты. Чоочун киши алик алган жок. Бала ызаланып калды.

Эртең менен бай короого алып калган чоң ак койдун кызыл күрпөң козусу казанда боркулдап, кайнап жатат... Жакшы козу эле... Ал байкуш козуну аяды...

Баланын курсагы ачка эле. Жалдырап, дасторконду тиктеген балага кызыл тултук киши боорсок ыргытты. Итке ыргыткандай, ыргытты. Ал боорсокту шып илип алды. Оозуна салды. Эшикке чыкты. Куйручук бала чоң ак кой болуп маарады:

- Маа! Маа! Маа! Үйдү айлана чуркап, маарады. Маа! Маа! Маа!

- Кош! Кош! Кош! Козуң өлгөнү аз келгенсип, эми өзүң өлгөнү турасыңбы! Үйдөгү кызыл тултук сени да жеп коёт! – Бала жок койду айдамыш этип, жок кой менен сүйлөштү.

- Куйручук! Бул каяктагы кой? – Үйдө олтурган Сарымсак бай коңгуроодой заңк этти.

- Жанагы сойгон кызыл күрпөңдүн энеси.

- Ары айда! Баласаагын тимеле!
- Айдасам, болбой жатат. Үйдөгү кызыл тултук кишини жок дегенде, курсакка бир сүзөм дейт!
- Эмне дейт, чунак бала?
Сарымсак бай эшикке чыкты. Кой түгүл, коргоол да жок.

## Иттин жүрөгү түшүп калды

"Айсары абамдын үйүнө конок келиптир...
Мамыга чоочун ат байланып калыптыр..."
Куйручук бала кулундай оюн салып, айыл четиндеги үйгө жетти. Боз үйгө жакындаганда, баланын мурунну бышкан эттин жытын искеди. Курсагы ачкан бала шилекейин жутуп алды. Ал өзүнө өзү шыбырады: "Буйруса, эт жеп, шорпо ичет экенмин!".

Жетимдик турмуш ушинтип, тамак аңдытат. Бала боз үйдүн эшигин серпип, шып кирип барганда, жыгач чарадагы үймө эт дасторконго жаңы эле коюлган экен. Булоолонуп турат. Шорпо сунулуп атыптыр. Айсары аба баланы "кел" демиш этти.

Дасторкон тегерегиндегилер шорпо уурташып, эт жегенге кириштi. Улагада көзү жайнап отурган жетимдин энчисине бир шыйрак, бөйрөк, карыш жөргөм тийди. Бала заматта жалмап койду.

Тыштуу кабырганы жеген соң, конокко койдун башы тартылды. Улагадагы баланы унутушту. Устукандарын сунуп коюшса эмне! Төрдөгү сары сакал киши башты аябай, өчү бардай мүлжүдү. Башкалар устукандарын жайбаракат кыя кесип, жеп бүтүшүп, аны акыйып күтүп калышканын, ал байкаган жок. Атургай, чарадагы бешбармак да бул конокту сууп калгыча күттү.

Эт желип бүттү. Куйручук бала сөөктөрдү төгүп келмекке эшикке чыкты. Куудул бала үй жанында итче ыркырады. Анан, катуу каңшылады. Ал үйгө кирди.

- Ээ, Куйручук! Ит эмине каңшылап жатат? – Айсары аба ушинтип сурады.

- Ой, Айсары аба! Итиңиздин жүрөгү түшүп калды. Ап-аптап койбосоңуз болбойт. Береги, сары сакал конок мүлжүгөн башты көрсө, ит эмес, кишинин деле эси чыкчудай... Короочу байкуш, корккон бойдон тоону көздөй качып баратат! – дебеспи, Куйручук бала.

Үйдөгүлөр бирин-бири тиктеп, жылмайышты. Бул кычкыл сөз төрдөгү коноктун жүрөгүнө жебедей сайылды.

## Айылды ажал аралайт экен

Дүрдана кемпирдин чалы акка моюн сунду[1]. Үйдө жалгыз уулу экөө эрбейип калышты. Бечара кемпир-күйүтү сууй электе, жүрөгүнө дагы бир сарсанаа жабышты. Жаргак бышкан сүттү тулгадан көтөрүп чыгармай болуп, казанды колунан тайытып, ысык сүттү курсагына жаба төгүп алды. Курсагы, буту ылжырап күйүп, оюнкараак бала онтоп, төшөккө жатып калды. Жаман болду. Байкуш кемпирдин чый-пыйы чыкты. Айыл-апага чуркады. Чырылдап, жардам сурады. Жараткан Кудайга күнүгө үч маал жалынды.

Акбото табып Жаргактын жараатына бака жалбырак жапты. Ышкынтүп септи. Дары чөп ысыкты соруп алганы менен, күйгөн тери ылжырап, кызарып, карттанбай койду. Момолой

[1]Акка моюн сунду – дүйнөдөн кайтты деген маанини билдирет.

чычкандын богун сүйкөштү. Бул дагы чала жардам этти. Жаргактын күйгөн жерлери шишип, ириңдеп, балбаалады. Арам кан менен ириң сыртка чыкпай, бечара бала, аябай кыйналды. Жаны төрт чарчы болду. Жазыксыз байкуш онтоп, үч күнү, үч түнү кирпик какпай, уктабай чыкты. Бүбү, бакшылардан деле ылаажы болгон жок.

Куйручук бала менен Жаргак экөө чогуу чүкө ойногон, кара суудан көкчаар балыктарды тутушкан ынак достор эле. Куйручук бала таң азанда келип, өңдөн азган теригинин жанында отурду:

- Чыда, Жаргак досум! Сенин дартыңа дабаа таптым. Бүгүн апаңды коркутам! А сен коркпо, макулбу? Апаң өтө коркот. А сен, кулангдан соо айыгасың! Апаңа айтпа!

Дүрдана кемпир уй саап бүттү. Чакасын көтөрүп, үйгө кирди. Шум бала шумдуктуу кеп баштады:

- Энеке! – деди Куйручук бала. – Бүгүн биздин айылды ажал аралайт экен... Адегенде, чал-кемпирлерди чалып жыгат экен...

- Ок, ботом! Аны сага ким айтты? – Кемпир чочуп кетти.

- Коңшу айылдагы, Кулмамбет молдо айтты.

- Кулмамбет молдобу? – Дүрдана эне элейди. Ал баланын калпына ишене түштү. – Кудай өзүң сактай көр! Акыр заман келет го?

Кулмамбет молдо кумгандагы кара сууну дубалап окуса, айранга айланып коёт дешет... Мекеге зыяратка барып, Каабанын кара ташын өөп кайткан, ажы атанган чоң молдо! Дүрдана эне эле эмес, анын оозунан чыккан сөзгө элдин баары ишенет.

- Баса, эне! – деди Куйручук бала. – Ажалдын өзү кишинин көзүнө көрүнбөйт экен. Ажал кебете-

кешпирин өзгөртүп, жулмаланган тоок же сууга түшкөн мышык түрүндө келет имиш.

Санаакор кемпирдин жүрөгү түрсүлдөп, коркуп, ойлонуп калды. Куйручук бала Жаргак досу менен коштошуп, ага көзүн кысып, үйдөн чыкты.

Чай кайнамдай убакыт өттү. Дүрдана кемпир чай ичип отурду. Бир маалда, босогодон жүнү жулунган, жулмаланган түрү суук тоок баш бакты. Кукулуктап төргө өттү. Кемпир бакырып, жүктүн бурчуна тыгылды. Жаргак төшөгүнөн башын көтөрдү. Ал түрү суук тоокту көрүп, каткырып күлүп жатты. Көзүнөн жаш чыккыча, ыкшып күлдү. Аңгыча, мышык мыёолоду. Керегенин түбүнөн сууга түшкөн бала мышык үйгө кирди. Кемпир огобетер коркуп, эшикти көздөй бөкчөңдөдү. Жаргак дале каткырып күлүп жатты.

Куйручук баланын бул күлкүлүү жоругу шеригинин дартына шыбаа болду. Жаргак боору эзилгенче каткырып жатканда, каканактаган жарааттары жарылыптыр, арам кан менен сары суу, ириң тышка агылыптыр... Ошентип, Куйручук бала ойлоп тапкан күлкү ооруну айыктырды.

Ончакты күн өттү. Жаргак биротоло тыңып, төшөгүн таштап, улактай секирип, ойноп кетти. Куйручук бала менен Жаргак экөө чүкө атышып, кара суудан көк чаар балыктарды тутуп жүрүштү.

## Түтүк түгөткөн сүт, түтүн чыккан мүрзө

Куйручук бала атасынын тукумдаш тууганы Чыны бийдин үйүндө баш пааналап, жан багып жүргөн чагы. Козу-улак кайтарат. Талаадан

таар капка тезек терип, үйгө ташыйт. Бийдин аттарын сугарат, жем-чөп салат. Айтор, түйшүгү түгөнбөйт. Алтүндө жанын жай алдырып жаткан орунчугу – эски боз үйдүн капшыты.

Чыны абасы – дүнүйөсү байтүгөл, зоболосу зоодой бийик киши. Жетимче менен иши деле жок. Ага көңүлүн бурбайт. Куу тумшук бала ар түркүм жумуштарды ынтаасы менен бүтүрүп турса дагы, бийдин көрөркөзү[1] – Айымбүбү айчага[2] жакпай койду. Ушундан улам, эртели-кеч тамак-ашка чала тоют болуп, курсагы куушурулуп, көзү бозоруп турат.

Күндөрдүн биринде, Куйручук бала жакшы амал ойлоп тапты. Суу жээктеги жоон камыштан кесип, узун түтүк жасап алды. Эл кызуу уйкуга киргенде, жаңкы түтүгүн алып, жыландай жылып чыгат.

Бий менен көрөркөзү экөө мамырап уктап жатышкан ак өргөөнүн бир жаккы ыптасы чий каланган ашкана экенин жаземдебейт. Ал ашканада бышкан сүт болорун да билет. Куйручук бала боз үйдүн туурдугун өйдө түрөт дагы, түтүгүн чарадагы сүткө сойлотот.

Таң агарып атат. Айымбүбү айча ашканага баш багып, чочуп алат. Капырай, бул эмнеси? Чарадагы сүттүн каймагы бузулуп, кыйла бөксөрүп калыптыр...

Эртеси күнү, анын эртеси да ошондой болду. Чарадагы сүттүн каймагы бузулуп, кыйла бөксөрдү. Ошентип, түн ичинде сүт түгөнмөй, кайталана берди.

Айымбүбү айча корко баштады. Деги, бул эмине сыр? Эмине жышаан? Эмне аян? Жүрөгү

---

[1]Көрөр көзү – токол аялы.
[2]Кыргыздар илгери аялдарды айча, кыздарды күнчө атап, кайрылышкан.

түпөйүлдөндү. Эл аңыз кылып айткан болумуш, имиштер эсине түштү. Айча алтүндө ашкананы аңдыгандан чочуду. Айыл-ападагы кемпир-кесектерди чакырып, ырым-жырым жасады. Жок, ырым-жырымы деле жардам этпеди. Эми, алтүндө ашканадагы сүт бөксөрмөй сыр башка үйлөргө да жабышты. Кызыгың түшкүр?.. Кудай өзүң сакта?.. Ошентип, эл-журттун эси чыкты, улуу-кичүүнүн төбө чачы үрпөйдү.

Бул, бул болсун. Эми, Куйручук бала жаңы жоругун баштады. Ал козу-улак кайтарып жүргөндө, тезек термейге барганда, эски бейиттин дал тушундагы топ чийди түбү менен омкоруп, улам көңдөйлөтүп, каза бермей эрмек тапты. Эртели-кеч кашкулактай дүмүрөңдөп, жер чукуп, топурак шилейт. Арадан ончакты күн өтүп, жер кепе даяр болду. Жер кепенин бир капшытынан түтүн чыккыдай, жылчык ойду. Өзү сойлоп киргидей, ооз жасады. Түптүү чийди омкоруп, эшигин да эптеди.

Келип-кетими көп Чыны бийдин үйүндө кой-козу дегениң, кудайдын куттуу күнү союлуп турат. Апта кур болбой, тай мууздалат. Кай бирде, казысы карыш жылкы жыгышат.

Куйручук бала мамырап жүрө берген жок. Кой-козулардын керчөө, шыйрактарын , бирден-экиден жиликтерин ителгидей илип кетип, жер кепесине чычкандай ташыды. Ал жылкынын чучугун баканга илип кургатып, талканга солоп, сүрсүткөндү да жакшы билет. Тамак-ашы бапырап, байманасы ашып-ташыган эмелер, шок баланын бу жоругун аңдашкан жок. Ал эми, Куйручук баланын дайыма курсагы ток.

Чарадагы сүттүн байма-бай бөксөрүп турушу Айымбүбү айчаны жедеп, жүрөкзаада кылып бүттү. Акыры, “кудай, арбактарга арнап, куран окутам,

ылаажы болор" деп ойлоду. Киши жиберип, молдо алдырды. Айылдагы күмүш сакал карыяларды, ак саамай байбичелерди чакырды.

Эл-журт ээрчише басышып, эски бейитке келишти. Тасмал жайылып, молдоке куран окуй баштады. Эми, кудай урбадыбы! Үстү түшкөн мүрзө тушундагы үч түп чий сербеңдеди. Орду-түбү менен кошо жерге жан киргендей, кыймылдай баштады. Желп эткен жел жок. Элдин баары элейип, тиктеп калышты. Үч түп чий жер менен кошо жылгансып, былкылдап атат... Сербеңдеп, бийлеп жатат... Аңгыча, жер астынан ит улуду. Мышык чаркырады. Жаңкы чийлер орду-түбү менен жогору көздөй копшолду. Үстү түшкөн мүрзөдөн түрү суук арбактын төбөсү көрүндү. Кары-жашы дебей, дыргаяктап, качып жөнөштү.

Укмуштуу кабар айылдын баш-аягына тарады. Айыл арасы дуулдады. Улуу-кичүүлөр ийри отуруп, түз кеңешти. Бу жолу бейитке келишпей, үймө-үй куран окутмай болушту.

Үрөй учурган окуядан үч-төрт күн өткөн соң, дагы бир шумдуктуу жаңылык угулду. Эки атчан баягы эски бейиттин тушунан өтүп баратышып, көрдөн көк түтүн чыгып атканын көрүшүптүр. Айылда кудайга жалынгандар, арбакка табынгандар, жер-сууга тайынгандар көбөйдү. Узун акыл кишилер кайрадан кеңешти. Аксакалдар айыл эли жапатырмак бейитке барышып, кудай жолуна, арбак сообуна айтуяк чалууну[1] чечишти.

Эски бейит. Кулмамбет молдо элдин чок ортосунда куран окуп жатты. Бу жолу эл арасында Куйручук бала да бар эле.

---

[1]Айтуяк чалуу – атайы ырым-жырым жасалып, куран окулуп, жылкы соймой каада.

# Жинди бий

Садыбакас байдын түндүгүнөн Ай чыккан маал. Кар жатпас Кара-Коодон кудалары келип, кудай бетин салбасын, кызын күйөөгө узатып жатышат. Той шааниси улам кызуулап барат. Кымыз, бозо дегениң, арыктагы суудай эле, агылууда. Кары-жашы, аял-эркеги дебей, алабуурул[1] болуп алышкан.

Үкү топуларын үлпүлдөткөн кыргыектей кыз-келиндер темир комуз кагышат. Сармерден кезметин бүркүткабак жигиттер улашып, суусар тебетейлерин сеңселтип, комуз чертишет.

Той ырасымы кыздын энесине жетти:

- Кудагый ак шумкар бердим таптап ал,
Ак учук бердим саптап ал.
Көк шумкар бердим таптап ал,
Көк учук бердим саптап ал.

Эненин көзүнө жаш тегерене түшүп, той кошогун токтотту. Эми, кыздын жеңеси той кошокту улап кетти:

- Кызыкеми,
Ай тийген жерге бакканбыз.
Алкымына акмончок бермет такканбыз.
Көлөкө жерге бакканбыз,
Көкүлүнө көкмончок бермет такканбыз.

Торколуу той уланды. Төбөдө жылдыздар жайнайт. Төрт казанда эт боркулдап, кайнайт.

Куйручук бала кийимин чечип, жылаңачтанып, саздын кара баткагына оонады. Чачына чөп

1Алабуурул – кызуу деген маанини билдирет.

өрүп, башына аткулак жамынды. Байдын үйүн акмалады. Бир маалда, эт бышырган балдар үйгө кирип кетишти. Ал оттогу чычалаларды бери сүйрөп таштады. Анан, балакет бала байыркы бакшылардын "жинди бийин" бийлей баштады. Колдорун тарбаңдатып, буттарын сороңдотуп, шалкылдап, тири укмуш кыймылдарды жасады. Чычалалардын үстүнөн ары-бери секирди. Итче ыркырады, мышыкча мыяңдады. Казандарды тегеренип, колдорун тарбаңдатты, буттарын сороңдотту.

Укмуштуу көрүнүштү көрүшүп, эт бышырган балдардын жүрөктөрү түштү. Үч бала үйгө энтигип киришти. Жарыша кыйкырышты:

- Шайтан казандарды тегеренип жүрөт!

Эл дүрбөдү. Шайтанды баары көрүштү. Колдорун тарбаңдаткан, буттарын сороңдоткон, оозунан ак көбүк буркулдаган шайтан караңгы түнгө кайып, жок болду. Элдин эси чыкты.

- Кой, бу балакеттүү жерден көчөлү!

- Жаман жышаан!

- Той тойлонуп атканда, шайтан-шабыр аңдыган жакшы эмес!

Ушундай сөздөр сүйлөндү. Абышка-кемпир, аял-эркек, бала-бакыра дебей, жабалактап, боз үйлөрдү чечип киришти. Кулмамбет молдо шарыятка сүйөндү. Өз бүтүмүн чыгарды:

- Шайтан аралаган этти жегенде болбойт! Эт арам болуп калды!

Ушинтип, Садыбакас байдын айылы жоо чаап келаткансып, кымгуут түштү. Отуз түтүн үй түн жамынып, журт которду. Эски конушта төрт казан эт кала берди.

## Туйлаган жылан

Куйручук баланын айылында Жакшына каттуу, какчаңдаган кемпир бар эле. Аты жакшы болгону менен, заты жаман. Каргап-шилеп, абышкасынын сазайын берет. Келинин жүн сабаган сабоо менен сабап, ыйлатат. Коңшу-колоңдор менен да тынчы жок, урушуп турат. Үйүнө киши башбагып калса, нан ооз тийгизгенге жарабайт. Кокус, шорпо-шилең ичип атышканда, киши-кара босого аттаса, чарадагы бышкан этти жоолугу менен жаба коёт. Абышкасы кой оозунан чөп албаган[1] эме. Бу кемпирине теңелбейт. Эркектин тирилиги менен алектенип, момурап жүрө берет.

Бир күнү ушу Жакшына кемпирди Куйручук бала коркутууну ойлоду. Ал кара суудан суу жылан тутуп алды. Баштыкка салды. (Суу жыландын уусу жок. Кишини чакпайт. Жанагы кемпир “жылан!” деген сөздү укса эле, калтырап- титиреп кетет. Так секирип, бакырат. А жыландын өзүн көрсө, эмне болор экен?) Куйручук бала кемпирдин үйүнүн артындагы чоң кызыл ташка жашынды. Баштыктан жыланды соймоңдотуп, ийреңдетип, алып чыкты. Желкесинен бекем, мыткый  кармады. Макулуктун оозу ачылды. Бир чай кашык насыбайды жыландын оозуна түрткүлөп, ары көздөй шыкады. Анан, секин басып келип, үзүктү  өйдө көтөрүп, жыланды үйдүн ичине ыргытып койду. Насыбайга ууккан жылан коломтонун жанында мөңкүп, туйлап жатты.

Баягы кемпир бакырды. Калтырап-титиреп,

[1]Кой оозунан чөп албаган – жоош, момун, зыяны жок киши.

эшикке чыга качты. Кемпир кой кайтарып жүргөн абышкасын көздөй кедеңдеп, жүгүрүп баратты. Кыйкырып баратты. Жүрөгү түшкөн эме, тимеле, кыз кезиндей чуркады.

Куйручук бала боз үйгө шып кирди. Ашканадагы бир карын сары майды, көнөчөктөгү каймакты кыргыйдай илди. Тасмалга оролгон ончакты каламаны баштыгына салып, жапсарды көздөй жорголоду.

## Көнөчөктөгү каймак

Куйручук бала Султанкул байдын үйүндө кара курсагынын камында жүргөн чагы. Козу байлап, кой саадырышат. Талаадан тезек, куурай терип келет. Ушундай күндөрдүн биринде, байдын үйүнө бир сыйлуу киши келип түштү. Үй ээси коногун жарык кабагы, жакшы саламы менен тосту. Чайын самоорго кайнаттырды, дасторконун жайнаттырды. Куйруктуу козу сойдуруп, байтал бээнин бал кымызын койдуруп, конок күтүмүн келиштирди.

Көз байланып, күүгүм киргенде, Куйручук бала коломтого утуру куурай таштап, үйгө жарык берип турду. Бир маалда, жаңкы конок Куйручук баланы айланта тиктеди.

- Бай! Береги балаңдын көзүндө кеп бар экен! – деди ал.

- Жок! Баламда кеп деле жок. Жүүнү тирүү. Куйма кулак, сөзгө шыктуу, жакшы эле бала!

- Жок, байым! Бу жубарымбектин көз карашы, кишини тиктеши адамдан бөтөнчө экен! Ай, көзүндө балекет жатат!

Конок өзү ушинтип, тийиштик кылып, Куйручук баланын бейкут ойлорун козутуп койду.

- Бу күрөң бука, менин көзүмө асылды да калды. Сага, бир кызыкты кылбасам! – деп шок бала ичинен толгонду.

Ушу айылда жылан тилдүү, бейжай, тажаал жесир аял бар эле... Ооба, Куйручук бала капыстан ошо аялды эстеп, өзүнчө жылмайып алды. (Баса коноктун аты кызыктай, Чилмерген экен.)

Боз үйдүн түндүгүнөн жылдыздар шыкаалаганда, эт жеп бүтүштү. Соңунан чай ичилди. Дасторкон жыйналды. Эл жатаар маал келди. Керели-кечке бал кымызга бой кызыткан, ширин этке курсак ысыткан конок жаздыкка башы тийгенде эле, коңурук тартып, узун уйкуга кетти.

Куйручук бала жылып, эшикке чыкты. Баягы ажаан аялдын үйүнө жөнөдү. Бала босогодон үйгө сойлоп кирди. Керегеге илинген көнөчөктү колуна илди.

Жылдыздар гана баланы көрүп турушту. Ал шырп эттирбей, конок үйгө кирди. Көнөчөктөгү каймактан уучтап алып, коноктун сакал-мурутуна аста шыбады. Көнөчөктү коноктун төшөгүнүн баш жагына коюп койду.

Таң агарды. Бай даарат алууга камынды. Аңгыча, алиги ажаан аялдын бакырыгы угулду. Кудай сактай көр! Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып, алкынып-жулкунуп келе жатат.

- Ой, деги, тынччылыкпы? Сабыр кылсаң боло! – деди бай аялды жоошуткусу келип.

- Каяктан тынччылык болот? Сенин куураган куу жетимиң!.. Апасын, атасын да кошоктоп жутканга тоюнбай, алтүндө үйүмө ууруга кирип, көнөчөктөгү каймакты көтөрүп кетиптир!

Түндүк жабуу тартылды. Бай менен аял үйгө кирişти. Жок! Көнөчөктү жетим уурдабаптыр! Көнөчөк коноктун төшөгүнүн башында турат! Сакал-муруту майланышкан!

Жесир аял алаканын шак койду:

- Катыгүн байым! Каймакты коногуң уурдап жеген турбайбы! Ачка жаткырдың беле? – Бакырчаак төөдөй аял бакырып алып, эшикке чыгып кетти.

Конок көзүн ачып, ойгонду. Султанкул байдын заманасы куурулуп, жини кайнап, буулугуп турду:

- О, кудай төбөңдөн ургур! – деди ал коногуна. – Эмне, түндө бир козунун этине тойбой калдың беле? Мени эл-журтка шерменде кылбадыңбы? Өлүп баратсаң деле, уурдабай койбойсуңбу! Жогол, көзүмө көрүнбө!

Жылдызы көктөн тайыган коноктун өлбөгөн төрт шыйрагы эле калды. Жылуу төшөктө билмексен болуп, Куйручук бала култуюп жатты.

## Бейиттеги үн

Соң-Көл жайлоосу сан гүлдөрүн жайнаткан маал. Табият керемети гүлдөгөн чакта, Жараш байдын үйүн күн чак түштө күүгүм чалды. Ыңкыган байдын миңден ашуун кой-эчкиси, үч жүз жылкысы, үч куржун көзү толо алтын-күмүшү болсо дагы, бай жалгыз баласын ажалдын түрү суук тырмагынан арачалап, аман алып кала албады. Байдын көзүн жаш басты, көкүрөгүн дарт басты.

Байдын эрке токолу Эркайым күн сайын бейитке барат. Ыйлап-сыктайт. “Ала жат, кулунум!” деп мүрзөнү кучактайт. Ал ушундай, жаман адат тапты. Агайын-туугандарынын, абысын-ажындарынын, абышка-кемпирлердин, атургай, Кулмамбет ажынын “кой-ай!” дегендерине көнбөйт. Тил албайт. Ооба, күнүгө бейитке барып: “Ала жат, балам!” деп мүрзөнү кучактап, ботодой боздойт.

“Капырай! Мүрзөнү кучактап, ыйлап атып, уулун тирилтип алмак беле? Ой, обу жок катын!” – дешип, айыл-апа аны жактырбайт.

Куйручук бала “Эркайым токолду экинчи бейитке жологус кылайын!” деген ойду ойлонду. Ал бир күнү бейитке токолдон озунуп барды. Ак шейшепке оронду. Бети-башына көө сүйкөдү. Эски күмбөзгө кирип кетти. Токолдун келишин күтүп отурду.

Тигине! Обу жок катын аттан ооп түштү. Шолоктоп ыйлап, уулунун мүрзөсүнө илкип басып келди. Жаман жоругун дагы баштады. Мүрзөнү кучактап, какшады:

- О, кулунум! Мендей шордууну ала жат!

Ушу учурда, аппак кепинчен уулунун арбагы токолдун көзүнө чалдыкты:

- Апа, апакебай! Эмесе, кел бери, эми, ала жатайын!

Арбак колун  сунуп, энени көздөй жайбаракат басты. Эне уулунун арбагын даана көрүп, бакырып алды.

Жалгыз талга байланган Торкашканы токол унутту. Ат бечара “Мени таштап кете бересиңби?” дегендей, кош кулагын тикчийтип, чалынып-булунуп, жыгылып, тура калып, качып бараткан аялзатты көзү менен узатып, окуранып турду.

Аялдын өң-алети бузулду. Боз үйдүн босогосун аттап барып, узунунан сулк жыгылды. Тил-оозу буулду. Кулмамбет ажыны чакырышты. Дем салдырышты.

Байдын көрөркөзү он чакты күнү ооруп, төшөккө жатып, араң зорго адам болду. Жараш бай түлөө өткөрдү. Куйручук бала түлөөнүн этин жеп, шорпосун ичип, эл арасында жүрдү.

# Бычактары жаландаган конoктор

Байзак баатыр жоонтоп жандоочулары менен Көкүмбайдын үйүндө конокто отурду. Суусамырдын эл эгеси[1] Түркмөн болуш жаңы сөз баштады:

- Тамакка эле, шыкай бербей, комузчу-чоорчуларыңды алдырып, тамаша салдырып, көңүл көтөрүп отурбайсыңбы, Көкүмбай? Күлдүрүп, куунатпайсыңбы?

Үй ээси жылып, сыртка кетти. Бир аз убакыт өтпөй, эшикте кузгун куркулдады. Чаектин болушу Мырзабек сүйлөндү:

- Жай саратанда куркулдаган бу кандай, башын жуткан кузгун?

Аңгыча, бүркүт шаңшып жиберди. Үйдөгү коноктордун баары делдейип калышты. Бүркүткө удаа, ысык май чачырагансып, жаш бала чыңырып, ыйлады. Жаш баланын ыйлаганын чоң кишинин каткырыгы басып кетти. Коноктордун оозу ачылды. Эшикке кулак түргөн Түркмөн тынчсызданды:

- Карагылачы, эмне балээ болуп жатат?

Көкүмбайдын үйү башка үйлөрдөн окчун. Казан асылган кемеге да үйдөн обочо. Орто жер ээн. Сыртка чыккан жигит эшик серпип үйгө кайра кирди:

- Мал-жан, ит-куш көрүнбөйт. Эшикте бир эле, кара бала жүрөт.

Жанагы кара бала үйгө баш бакты. Бу баланы коноктор таанышты. Ооба, жана казанга от жагып

1Эл эгеси – эл башчы.

атпады беле... Куйручук бала эт бышырып, самоор кайнатып, кээде үйгө баш багып, коноктордун чоожайын байкаган киши.

- Эй, жигитек, эт быштыбы? – Коноктордун бирөө балага ушундай осол суроо узатты. (Эл салтында, конок казан-аякка кийлигишпейт. “Конок койдон жоош” дешип, ошондуктан айтышат, кыргыздар). Куйручук бала укмаксанга салып, сыртка чыкты.

Жанагы кара бала эшиктен кумган кармай кирди. Момунун айтпа! Тил-оозу жоктой, мамырайт. Ай-буйга келбей, кайра чыгып, чылапчын көтөрүп келди. Алдыдагы идиш-аякты капшытка түгөл жыйнады. Дасторкондун четтерин серпип, коноктордун колуна кыдырата суу куйду. Коноктор колдорун жуумуш эткенден кийин, айкалышкан буттарына кыпчый коюшкан бычак, макилерин алып, кумгандан чууруган сууга чайкашты. Бала дасторконду керилте жазып, эшикке чыкты.

Убакыт өттү. Эт көтөрүп келген киши жок. Коноктордун кыжыры кайнады. Чыдамдары кетти. Ай тиктеген текедей акыйышты. Эшик жакты утуру карашат. Эт көтөрүп келген киши жок.

Көкүмбай[1] ары жактан казан башындагы Куйручук балага басып келди:

- Конокторду байкап чыктыңбы?

- Байкадым, - деди ал. – Бычактарын жалаңдатып, жарынып өлчүдөй болуп отурушат.

- Эми дейт, чунак бала? – деп Көкүмбай конок үйгө бурулду.

Үй ээси коноктордун түрүн көрүп, чочуду. Ооба, Көкүмбай үйгө баш бакса, коноктору куу

[1]Көкүмбай Чыны уулу – жумгалдык ага манап, болуш. Куйручуктун жакын, тукумдаш тууганы, агасы. Көкүмбай менен Куйручук Медет датканын Айтак, Дуулат деген балдарынын чөбүрөлөрү болот.

терекке конушкан каргалардай дасторконду үн-сөзсүз тиктешип, жымжырт отурушат. Бычактары колдорунда...

- Ата, айбан ай! Баягы иттин оорусу кармаган турбайбы! – демиш болду, Көкүмбай.

А көрсө, конокторго тамаша көрсөт деген иниси – Куйручук тентек үйдү тегеренип, кузгунду туурап, куркулдаптыр, бүркүт болуп, шаңшыптыр. Баарынан да эт быша электе эле, коноктордун колуна суу куюп, жылт коюп кете берген экен. Ай, чунак бала ай!

## Куйручук баланын кураны

Соң-Көл жайлоосу соңуркаткан чак. Ончакты күндөн бери, Курманкул байдын үйүнө каттагандардын аягы сууй элек. Себеби, байдын энеси токсонго чыгып, дүйнө кайтыш болгон. Ошондуктан, куран окутуп, алыс-жууктан келип жатышат.

Куйручук бала бир жерге күлү додо[1] болбой, бу саам Курманкул байга кызмат кылып, курсагын тойгузуп жүргөн учуру. (Көкүмбай агасы Куйручукту издеп, артынан келет. Атына учкаштырып алып кетет. Бирок, үч-төрт күндөн соң, Куйручук тентек качат. Ушундан улам, кийинсоңу, Көкүмбай суу куйду инисин издебей деле калды. Жайына койду окшойт)

Бүгүн беш аял аттан түштү. Дасторкон жайылды. Үйдө Куйручук баладан башка эркек киши жок эле. Төрдөгү аялдардын улуусу – Айымкан айча Куйручукка кайрылды:

- Айланайын! Сен, куран окуганды билесиңби?

1**Күлү додо болбой** – туруктуу жашабай.

- Эркек болгон соң, билем да... Бирок, менин куранымдын аягы жок! – деди Куйручук бала.

- Аягы жок да куран болобу? – деп жаңкы аял жылмайып, баланы тиктеди.

- Ооба, болот экен. Азыр мен окуганда, көрөсүңөр да... – Бала шыдыр жооп берди.

- Мейли, окусун, окусун! – дешти аялдар, бир ооздон.

- О, тапан бала окшойт!.. – деди аялдардын бири.

Куйручук бала кыбыланы тиктеп, чөк түштү. Ал куду чоң молдо сыяк, эки көзүн чылк жумуп, үнүн созолонтуп, сөз кыраатын келтире, куран окуп кирди.

- Аaooззу-биллахимина, шайтани-ыраажим, биссимиллайы-ырахмаани, ыраайим! Аррахмаани-аррахиим! Маалики-иявуумуддин, ияккаана – иявуудду, ияккаана – истаиин! – деп куранын кубулжута баштады да, андан аркысын даана кыргызча улантып, үнүн созолонтту: Төө, чычкан, чегиртке, чымын-чиркей, бээ, кулун, айгыр, уй-музоо, бука, кой-козу, кочкор, эчки-улак, теке, жолборс, илбирс, карышкыр, кашкулак, суур, чөндөлөй, жылан, бака, маймыл, тоок, ит, күчүк, мышык, көпөлөк, таз жору, айрыкуйрук, бүркүт, кыргый, ителги, жагалмай, турумтай, күйкө, борбаш, таранчы! Аaooззу-биллахимина, шайтаани-ыраажиим, биссимиллайи-ырахмаани, ыраайим!

Куйручук береги сөздөрдү утуру башынан түшүп, кайталай берди. Жанагы аялдар күлкүлөрүн тыя алышпай, бышкырып отурушту.

Бир маалда, Курманкул бай эшик ачты. Куйручук бала күлкүлүү куранын бүтүрдү.

# От жакпай, эл арала!

Суукуйду тентектигинин айынан, Көкүмбайдын үйүнө жолобой, агыл-төгүл болуш агасынан жаа бою качып, ага куйругун карматпай, эми, Куйручук бала Субанкул байдын отун жагып, атын сугарып жүргөн чагы.

Үйүндө тынчы жоктун талаада кош баракаты[1] бар. Ал ала жаздан бери, ашканадагы эркеч чаначтын ичиндеги куйкаланган көк ириктин беш-алты кабыргасын, бир сан этин, согумга союлган кула бээнин чучугун, чоң кесим жалын көрүп, көз артып, шилекейин жутуп жүрдү. "Кушкер тамак!" деп ушуну айтат эмеспи. О, далайдан бери, буудай жармага сүзмө катыктап ичишип, кай бирде жупка бышырып, жеп калышат. А бирок, баягы сүр эттен эмнегедир, казанга салышпайт... Ооба, буларды түшүнө албайсың! Өз курсактарынан аяшабы? Кызык... Куйручук бала ушинтип ойлонот.

Күн жаз болуп, эт аз болуп турган жутамчылык маалда, байдын үйүнө эки жигит келип түштү. Куйручук бала алардын аттарын алды. Экөө тең, сеңселген суусар тебетейчен, өкчөлүү өтүктөрү[2] кычырап, күнгө чагылышат. Оңой-олтоң кишилер эмес окшойт. Субанкул бай эшик ачып, мырза жигиттерди конок үйүнө кийирди. Аялы төргө көлдөлөң сала койду. Кудайы коноктор[3] ушинтип, айттырбай келишет. Сый-сыпат камылгасы көрүлө баштады.

Бай менен бала короону аралап, сойгонго жарактуу кой тандап атышты.

[1] Баракат – береке, ырыскы, жыргал деген маанидеги сөз.

[2] Өкчөлүү өтүк – такалуу өтүк.

[3] Кудайы конок – айттырбай, чакыртпай келген конок. Кыргыз эл салтында, кудайы конок түшкөн үй аны сыйлоого милдеттүү болгон.

- Тигини карма, муну кармачы? Аркы койду шыйракта? – Бай Куйручук балага беш-алты субай жандыкты карматып, байкап көрдү. Бирөө да бычакка илинер эмес. Баардыгы эле, бака! Ушу үзүмчүлүктө, ооз майлагыдай мал каяктан табылмак? Жем-чөп өп-чап. Малдыр-жандыр тоюнбаган учур эмеспи.

Байдын айласы кетти. Аялы экөө шыбырашып калышты. Аялы ыргылжың болду. "Атайы, согумдун этинен ооз тийсин деп сактап жүрбөдүм беле, кызыма..." деген сөзүн Куйручук баланын кулагы чалды. Баягы эркеч чаначтын ичиндеги сүрдү байдын аялы казанга салды.

Сүт да жок. Уйлар тууй элек. Коноктор сүзмө катыкталган чай ичип отурушту. Эт бышты. Кара жыгач табакка жакшылап жасалган сүрдү бай тасмалдын ортосуна койду. Конок жигиттер тимеле, келберсишет. "Кой сойбой, өлүү эт тартат!" кыяздарын билдиришип, эки конок этти устукандабай, керилип-жайылып, чалкалап отуруп алышты. Шорпо ичимиш этишип, манчыркашат. Субанкул байдын шагы сынып турду. Бала кесирленген коноктордү жактырбады.

Жумгалдын көкүрөгүндө отун жок. Чий жагышат. Куйручук бала үйгө жарык берип аткан күйүлүү чийдин башын коломтодогу күлгө матырып алды. Жарык жалп өчтү. Үй ичи караңгы боло түштү. Баятан бери, ыкыс берип турган бала тасмалдагы этти табагы менен кошо, эшикке көтөрө качты.

- Силер жебесеңер, анда, мен жейин! – Ал эшикке качып баратып, ушинтип кыйкырып койду.

Куйручук бала сүр этти үч күнү үнөмдөп, жашырып жеп, кулжебес кушкер тамагы түгөнгөндө, төмөнкү айылга кетип калды.

* * *

Эл-журт жайлоодо. Суу куйиду бала балдар менен чикит ойноп жүрдү. Субанкул бай аны алыстан тааныды. “Качып кетпесин!” дедиби, атын окчун байлады. Ал аңдып келип, Куйручук баланы шап колдон алды. Чылбырдын учу менен тыкыс моюндап, күрмөп, өзү атына минип, баланы жетелеп жөнөдү. Айылга жакындаганда, бай атынан түштү. Баланын мойнундагы чылбырды чечип, аны атына учкаштырып алды.

Байдын аялы Күлүмкан Куйручук баланы көргөндө, чаңырып сала берди:

- Өлүгүңдү гана көрөйүн! Байым, бул шүмшүктү жогот! Үйгө эмне алып келдиң? Жалгыз кызыма гүлазыктай сактап жүргөн сүрүмдү... Айла кеткенде, конокторго салып берсем, көтөрө качып, бетибизден отубузду чыгарбадыбы! Конокторубуз ачка жатышпадыбы!

- Эй, катын! Каңкылдаба! Жаагыңды жап! – деди бай аялын тыйып. – Баягы Токмоктон сатып келген, менин жаңы күрмө-шымымды, көйнөк, дамбалымды апкел! Самын ала чык!

Байдын аялы Күлүмкандын жаагы жабылып, аңкайып калды. “Өзү жонуна сала электе, жапжаңы кийим-кечектерин тиги шүмшүктөн бирөөнө берип жебирет го?”. Буркан-шаркандаганы тыйылып, ушинтип ойлонду аял.

Субанкул жанагы кийимдерди Куйручук баланын колуна карматып:

- Булакка барып жуунуп, буларды кийип кел!

Аял өз көзүнө өзү ишенбеди. Аң-таң калып, өңү-башы бузулду. Оозунан сөзү түштү. Таштай дал катып, ойлору чаңдап турду.

- Баягыда, табактагы этти көтөрө качып, кордук көрсөтсө... Бүгүн, жапжаңы, бирсыйра кийим

кийгизип, бу жалаңкычты зыңгыратып койгонуң, эмнең? – деп үлдүрөп сүйлөгөнгө араң жарады Күлүмкан.

- Сен таңыркаба! – деди бай аялына. – Жалгыз кызыңа сары майдай сактаган сүрүңдү, кула бээнин кулжебес чучугун баш кылып, ызааттап салып берсек, мал сойбойт таризде, мени кекетишип, керейип эт жебей коюшту эле... Мага, намысты ушу бала алпербедиби! Ошо, эки манапты куп гана осол кылды, бул балам!

- Балам! – деди Субанкул бай Куйручук баланы тиктеп. – Куурай терип, тезек чогултканыңды токтот! Эми, мындан ары, от жагып жүрө бербей, эл арала! Элдин кишиси болосуң сен, айланайын!

Байдын береги сөздөрү ооз учунан эмес, чын пейилинен айтылды. Жетим бала жакшы мамилеге, жылуу сөзгө дене бою жибий түшүп, эреркеп кетти. Аз жерден ыйлап жибере жаздады. Өзүн араң токтотту. Ал булакка жуунганы жөнөдү. Жаңы кийим-кечени колтугуна кысып, ар түркүм ойго батты.

Мөл булак жанында, Куйручук баланын жүрөгү сүйлөп, көзүнө жаш тегеренип турду.

**Аягы.**

# МАЗМУНУ

Айтыңар маараке болсун! ........ 3
Жоголгон чучук ........ 4
Алгачкы ыр ........ 5
Эчкирип көзүм жаштадым ........ 6
Куудул бала ........ 7
Чоң ак кой болуп маарады ........ 9
Иттин жүрөгү түшүп калды ........ 10
Айылды ажал аралайт экен ........ 11
Түтүк түгөткөн сүт, түтүн чыккан мүрзө ........ 13
Жинди бий ........ 17
Туйлаган жылан ........ 19
Көнөчөктөгү каймак ........ 20
Бейиттеги үн ........ 22
Бычактары жалаңдаган коноктор ........ 24
Куйручук баланын кураны ........ 26
От жакпай, эл арала! ........ 28

**Эркалы Өскөналы**

**КУЙРУЧУК БАЛАНЫН ЖОРУКТАРЫ**

Аңгемелер

*Редактору* Ж. Кадыров
*Корректору* Ф. Абдалова
*Сүрөтчүсү жана*
*компьютердик калыпка салуучусу* М. Кадыров

Мелованная матовая кагазына басылды.
Форматы 60х90$^{1}/_{16}$. Көлөмү 2 б.т. Заказ № 15.
Нускасы 2000 даана.

Бишкек шаары, «Оптима техноложис» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170а,
тел. 62-02-13